**21.04.2021ж.**

# Протокол

**№ 115 Кесиптик лицейдин ата энелер чогулушуну пратаколу.**

**Катышкандар -61**

**Келбегендер – 20**

**Президиум мүчөлөрү:**

**1. Директор: Рахматуллаев А.**

**2.ИДН инспектору: Саттаров А.**

**3. Зам.дир.по УВР: Исроилов Н.**

**Кун тартиби:**

**1) Топтошуп мушташуу жана Кылмыштуулуктун алдын алуу.**

**2) Зордук – зомбулук . Суицидтин алдын алуу.**

**3) COVID -19 тажы илдетин алдын алуу.**

**4) Жашы жете электердын арасында сууга чөгүүнүн алдын алуу.**

**5) Окуучулардын сабака болгон катышуусу жана кесиптик лицейдин ички тартиптик эрежелерине баш ийүү.**

1)- массле боюнча лицей директору Рахматуллаев А.Т. сүйлөдү. Ал мектеп рекетчилигин жоюу, топтошуп мушташуу темаларында ата – энелерге түшүндүрүп өттү. Жаштарды тамеки тартуудан спирт ичимдиктеринен жана ар кандай терс көрүнүштөрдөн алыс болууга үндөдү.

Үч-Коргон АМБ нун ЖИИнин учасыкалык инспектору милициянын кенже летенанты А. Саттаров сөз сүйлөп саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер,мугалимдер .Бүгүнкү күндө биздин коомдун алдында турган эн актуалдуу маселелердин бири өспүрүмдөр арасындагы **“Топтошуп мушташуу жана Кылмыштуулук”** болуп саналат.Өз кезегинде белгилей кетчү нерсе жашы жете элек учур өспүрүм курак- инсандын татаал өсү мезгили. Ушул учур өтө тез өткөнүнө карабастан ар бир инсан андан аркы тагдырын чечет. Себеби өспүрүм куракта мүнөздүн эн оор негизге өзгөрүүлөрү жүрүп айлана чөйрөнүн коомдун таасири астында инсан катары калыптанат. Кылмыштуулук ар түрдүү себебтерден келип чыгат мисалы балдарды көзөмөлсүз калтыруу жана балага көнүл бурбоо. Бул көйгөйдү чогуу чечүгө көмөк көрсөтүнүздөрдү жана кечкисин себебсиз көчөгө чыгууларына тыю салып коомго болгон мамилесин жүрүм-турумун көзөмөлгө алуунуздарды суранып кетем деп сөз сүйлөдү ошондой эле .

**“Зордук – зомбулук” “Суициддин алдын алуу”** деген темаларда ата – энелерге лекция окуул түшүндүрү иштерин алып барды .

2)- маселе боюнча орус тил мугалими Мирсаатова Я. сүйлөдү.

Балдарга карата үйдө мектепте жана онлайнда зомбулукка жол берилбеш керек ! Зомбулук балдардын тагдырына балта чабат. Алардын жашоосуна жана саламаттыгына терс таасир тийгизгенден тышкары зомбулук балдардын эмоциондык абалына жана келечегина да чоң коркуунуч жаратат. Зомбулук муундан мунга өтүшү мүмкүн. Себеби зомбулукту көргөн балдар муну кадыресе көрүнүш катарында кабылдашы ыктымал.

Балдардын 73% үй бүлөдөгү ташбоор жана тооптогон мамиледен жапа чексе,83,5% мектептеги зомбулуктун курамындагы болот. Өтө көп балдар үйдө алтернативалык мекемелерде мектептерде зомбулуктун түрдүү формаларын курамындагы же күбөсү болуп калууда.Үй бүлөөдө сабоо көрүнүшүнө тыюу салынбай жатат.Үй бүлөдөгү зомбулук жана рекетчилик жаштар арасында зомбулуктун санын өсүшүнүн бирден-бир себеби, мунун натижасында окуучулар арасында өз өмүр кыйган учурлар катталууда.

3)-маселе боөнча Тарбиялык иштер боюнча директор орун басары Исраилов. Н сүйлөдү. Каранавирус- өзүнө отуздан ашык вирусту камтыйт. Анда камтылган вирустар кеңири жайылган сасык тумоодон тарта оор курч респиратордук симдромго жана ичеги карындын оорушуна алып келет.Бул COVID-19 алгач дене тарабынан көтөрүлүшү жана жөтөл менен коштоолору,узак убакытка жеңил абалда болорун айтты.Каранавирустан сактануу үчүн колуңарды жуугула,жөтөлгө бет арчы колдонулгула. Кир кол менен жүзүңдү кармаба,чүчкүрүп бышкырганда бет аарчы колдонгула бет аарчы колдонгула бет арчы жок болсо жеңдин чыканак бөлүгү менен жапкыла.Вирус жуктуруп алдым деп шектенсеңиз төмөндөгү белгилерди байкайсыз.Алсыроо жана чыйрыгуу,жөтөл,дем кыстырып муундар ооруйт.

Окумуштуулардын ырастоосунда,имунитетти алсыз адамга вирус жукса жаңы инфекция мурунку ооруларды козгойт. Ал эми имунитетти күчтүү адам вирус жукпайт деле кылышы мүмкүн.

4) –маселе сууга чөгүүнүн алдын алуу боюнча ИДН А. Саттаров сөз сүйлөп ата –энелерге балдарды көзөмөлсүз калтырбоо жанаканалдардын,дарялардын жээктеринде балдардын ойносууна жана сууга түшүсүнө тыю салып көзөмөлдөсүн ата – энелерге эскерти.

5)- маселе боюнча устат Умаралиев С сөз сүйлөдү лицей окуучуларынын сабака болгонт катышуусу төмөндөп кетип жатканына жана окуу формасын сактабай окууга келип жаткан окуучулар көп болуп ага байланыштуу ата-энелерге балдардын тарбиясына жана мектеп формасына көнүл буруп көзөмөл кылууну суранды.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде,жолугушу чечим кабыл алды

ЧЕЧИМ:

1) Топтошуп мушташуу жана кылмыштуулуктун алды алуу .

2) Зордук- зомбулук жана Суициддин алдын алуу боюнча ата- энелерге лекция окулуп түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

3) COVID-19 тажы илдетин алды алынсын.

4) Жашы жете электердын арасында сууга чөгүүнүн алдын алуу максатында ата-энелерге жана лицей мугалимдерине эскертилип түшүндүрү иштери жүгүзүлдү.

5) Окуучулардын сабака болгон катышуусу жана кесиптик лицейдин ички тартиптик эрежелерине баш ийүү , кол телефондорун сабакка алып келбөөнү ата-энелер бир добуштан колдоду ошол чечимдин негизинде окуучуларга сабакка телефон алып келүүгө тыю салынды.

Председатель собрания: Нуманова З.Д.

Зам директор по УВР: Исраилов Н.И.




